**СОЦИАЛДЫК, МАДАНИЙ ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН**

**"ПАНДЕМИЯЛЫК КЫРДААЛДА ТҮРКПА МҮЧӨ-ӨЛКӨЛӨРҮНҮН АЙЫЛ АЙМАКТАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК АБАЛ" аттуу 8-ЖЫЙЫНЫНЫН**

# СУНУШТАМАЛАРЫ

Парламенттик Ассамблея:

Бириккен Улуттар Уюмунун 2019-жылдын 21-январындагы дыйкандардын жана айыл жеринде иштеген башка адамдардын укуктары жөнүндө Декларациясын, ДСУнун 2020-жылдын 1-декабрында жаңыланган, коронавирус (COVID-19) боюнча коомчулукка сунуштарын, 2020-жылдын 10-апрелинде өткөрүлгөн Түрк Кеңешинин глобалдык пандемияга каршы туруу боюнча 8-Президенттик саммитин ***эске алуу менен,***

Социалдык өнүгүү айыл коомундагы ар бир адамдын жыргалчылыгын жогорулатууга жана пандемия учурунда дагы өзүнүн потенциалын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүү жөнүндө дүйнөлүк тезисти (дыйкандарды колдоо аркылуу, дыйкандардын чоң үй -бүлөлөрү, жаш фермерлер, аялдар, кары -картаңдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, жана айылдык инновацияларды жана санариптештирүүнү ж.б. бул пандемия абалында айылдык коомдук жашоону чыңдоо, айылдык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн жамааттык жоопкерчилик) ***кабыл алуу менен,***

ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн айыл аймактарынын эбегейсиз потенциалын Түрк тилдүү өлкөлөрдө уникалдуу социалдык-маданий мейкиндикти өнүктүрүүнүн каражаты катары ***таануу менен,***

ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн айыл аймактарындагы жашоо-тиричиликти коргоо үчүн КОВИД-19га жооп катары социалдык коргоо тутумдарын кеңейтүү керектигин ***түшүнүп,***

Дыйкан аялдар жана башка айылдык аялдардын үй-бүлөлөрүнүн экономикалык жактан жашоосунда маанилүү ролду ойной тургандыгын жана экономиканын монетизацияланбаган тармактарындагы аткарган иштери менен айылдык жана улуттук экономикага салым кошоорун ***баса белгилеп,***

ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн кызматташтыгынын, алардын пандемия шартында айыл тургундарынын жашоосун жакшыртууга жана жөнөкөйлөтүүгө багытталган маалымат алмашуусу жана биргелешкен иш-аракеттеринин артыкчылыктарын ***түшүнүп,***

Жаңы же кеңейтилген иш-чараларды иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда айылдык калктын, айрыкча аялдар жана кыздар, жергиликтүү калк, ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар, карылар, мигранттар жана мезгилдүү жумушчулар сыяктуу аялуу чакан топтордун муктаждыктары жана өзгөчөлүктөрү ***эске алуу менен,***

Жашоо каражаттарын коргоо жана колдоо, кирешелерди коргоо жана көйгөйлөрдү чечүүдөгү терс стратегиялардын алдын алуу үчүн социалдык коргоо чараларынын жана айыл чарба азык-түлүк тутумунда (мисалы: үрөндөрдү, жаныбарларды, балык уулоочу торлорду жана башка ресурстарды бөлүштүрүү; окутуу; рынокторго жетүү; чакан өндүрүүчүлөрдөн мамлекеттик сатып алуулар) эмгекти коргоо жана коопсуздук чараларынын өз убагында жана жеткиликтүү камсыз кылуу менен, өндүрүштү колдоо чараларынын айкалышын талап кыларын ***эске алуу менен,***

Улуттук парламенттерге төмөнкү маселелер боюнча ***сунуштарды киргизет***:

1) Мүчө-өлкөлөрдүн айыл жергесиндеги натыйжалуу аймактык жана эки тараптуу кызматташтыгын кеңейтүү үчүн (бирдиктүү мыйзам чыгаруу электрондук платформаларын, моделдик мыйзам долбоорлорун колдоо, ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдө семинарлар, жолугушуулар, биргелешип өндүрүү, айылдык фестивалдар, биргелешкен долбоорлор жана башка иш-чараларды өткөрүү жолу менен) *күч-аракет жумшоо*;
2) айыл аймактарындагы социалдык жашоо боюнча ар кандай изилдөө маалыматтарын *колдоо*; пандемия сыяктуу форс-мажордук жагдайларды эске алуу менен ТҮРКПАнын ар бир мүчө-мамлекетинин айылдык социалдык турмушун камтыган мыйзамдарын *изилдөө;*
3) Колдонууда болгон мыйзамдарга же келечектеги моделдик мыйзамдарга пандемияга каршы реакцияга байланыштуу социалдык мазмунду *кошуу*, мисалы: “социалдык” аралык, коменданттык саатты киргизүү, саякаттоолорду чектөө, шаарларга кирүүгө жана чыгууга уруксат талаптары, толук эмес жумуш күнү, үйдө иштөө, саякатчылар үчүн 14 күндүк милдеттүү карантин, "үйдө калуу", салыктарды жана төлөмдөрдү кийинкиге калтыруу суранычы менен жалпы элге кайрылуу, мамлекеттик жана ыктыярдуу социалдык программалар, мобилдик медициналык кызматтар, айылдык аймактарга электрондук медициналык консультация кызматтары, айыл чарбасында көп балалуу үй бүлөлөргө, жаш фермерлерге, аялдарга, карыларга жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга социалдык колдоо көрсөтүү; пандемия шарттарында айыл аймактарында инновацияларды жана санариптештирүүнү стимулдаштыруу; социалдык камсыздандыруу чараларын ишке ашыруу үчүн (оорулуу боюнча өргүү, медициналык камсыздандыруу же субсидияланган төгүмдөр, салымдан баш тартуу, узартылган пенсиялык программалар же жеңилдиктер);
4) аялуу чакан дыйкандарды, малчыларды, балыкчыларды жана токойчуларды, ошондой эле Түрк тилдүү өлкөлөрдүн ортосундагы тамак-аш менен алектенгендерди колдоо жана ар бир өлкөнүн тажрыйбасын изилдөө үчүн социалдык чаралар жана технологиялар боюнча кызматташууну *күчөтүү;*

5) айылдык жамааттарга КОВИД-19 кесепеттерин жоюуга жардам берүү үчүн ыктыярдуу программалардын жардамы менен саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин жана фармацевттердин жергиликтүү тармактарын мобилизациялоо;
6) пандемия учурунда калк үчүн, анын ичинде айыл аймактар үчүн кыйын болушу мүмкүн болгон баалардын өсүш тенденциясын *көзөмөлдөө;*
7) айыл чарба жумушчулары үчүн салыктар жана банк насыялары боюнча ченемдерди *жөнөкөйлөтүү;* айыл чарба өндүрүүчүлөрү үчүн салык саясатын кайрадан карап чыгуу, киреше салыгынан жарым-жартылай бошотуу, сатуудан алынуучу салыктан *бошотуу* жана башка артыкчылыктар;
8) санариптик инфраструктурага жана экосистеманы колдоого инвестицияларды *тездетүү үчүн* айыл аймактарында санарип куралдарын колдонууну көбөйтүү, ТҮРКПА мүчө өлкөлөрүнүн мейкиндеринде жогорку сапаттагы айыл чарба технологияларын биргелешип өндүрүүнү жеңилдетүүчү төрт тараптуу концепциялар жөнүндө *ойлонуу;*
9) айылдык фестивалдарда (анын ичинде онлайн режиминде) ТУРКПАнын кызматташтыгынын эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөрүн *назарга алуу;*
10) адистерди алмашуу практикасын жана агротехнология жаатындагы алардын биргелешкен иш-аракеттерин *кубаттоо;*
11) ТҮРКПАга мүчө өлкөлөрдүн улуттук агрокомпанияларынын ортосунда социалдык темалар боюнча ар кандай диалогдорду *уюштуруу;*
12) аялдарга жана жаштарга өзгөчө басым жасоо менен фермерлер үчүн Түрк Агро Академиясынын программасын (анын ичинде электрондук окутуу) *түзүү;* аралыктан зонддоо технологияларын, жогорку тактыктагы спутниктик навигациясын, геоинформациялык тутумдарды жана машина менен окутуу технологияларын колдонуп, айыл чарба азыктары боюнча өндүрүүчүлөр жана консультанттар үчүн айыл чарбасын башкаруу тутумун *иштеп чыгуу;*
13) региондук кеңселерге барбай электрондук өкмөт аркылуу Дыйкандарды каттоо тутумуна арыздарды *берүү;*
14) айыл жерлеринде күчтүү билим берүү инфраструктурасын түзүүнү колдоонун *зарылдыгын түшүнүү;*
15) пандемия шарттарында жашоону жакшыртуунун социалдык куралы катары айыл жеринде эмгек рыногун диверсификациялоого *көмөктөшүү;*
16) айыл аймактарда заманбап социалдык турак жай концепциясын *иштеп чыгуу;*
17) айыл аймактарда пандемия учурунда айыл жериндеги карыларга, жалгыз бой пенсионерлерге, майыптарга, социалдык аялуу топторго жардам берүү үчүн иштеген ыктыярдуу кызматтарды *колдоо;*
18) айыл аймактарда медициналык персоналына жардам берүү үчүн ачык булактуу программалык жана аппараттык чечимдердин тизмесин *кеңейтүү,* өлкөдөгү ар кандай жергиликтүү ооруканаларга 3D форматында басылып чыккан медициналык шаймандарды белекке берүү; ооруканалардын санарип картасын түзүү; карантин учурунда психикалык саламаттыгын көзөмөлдөө үчүн күрөшүп жаткан адамдарга колдоо көрсөтүү жана алгачкы психологиялык жардам көрсөтүү үчүн терапевттерден консультация алына турган акысыз телефон линиясын түзүү;
19) айыл чарба продукцияларын экспорттоочулар үчүн маркетинг жана логистика чыгымдарын жабуучу баштапкы сектордун ресурстарына (жер семирткичтерге, пестициддерге) жеткиликтүүлүктү *коргоо;*

20) төлөмдөр төлөнбөгөн учурда кызмат көрсөтүүлөрдүн токтолбошун камсыз кылуу үчүн Элетти Өнүктүрүү Ваучери Программасынын атайын кеңсеси аркылуу бир нече үй-бүлөгө түз жана кепилденген жолдомолорду орнотуу (электр жана жылуулук энергиясына, жаратылыш газына, сууга, саркынды сууга жана күйүүчү майга болгон бааны жогорулатуу мүмкүн эмес),;
21) ишканаларга жана жеке ишкерлерге биринчи төлөөнү кийинкиге калтыруу мүмкүнчүлүгү менен карыздарын төлөөгө мүмкүнчүлүк берип, электрондук өкмөт платформасынын алкагында каржылык жардам көрсөтүү;
22) "Айылдык аймактарды туруктуу өнүктүрүү жөнүндө" улуттук мыйзамдын долбоорун иштеп чыгуу үчүн COVID-19дан кийинки дүйнө жөнүндө жарандардын пикирин чогултуу;
23) айыл аймактарда ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздукту өнүктүрүү, алыскы айыл аймактар үчүн көчмө медициналык поезддердин ниетин колдоо;
24) айыл аймактарда коомду мобилдик медициналык комплекстер жана поезддер, ошондой эле мобилдик ветеринардык лабораториялар менен камсыз кылуу;
25) мектепке чейинки балдарды өнүктүрүү үчүн атайын мектепке чейинки программаларды колдонуу менен алыстан билим алууну улантуу;
26) балдар үчүн социалдык программаларды иштеп чыгуу*:* а) бир жаштан алты жашка чейинки балдар үчүн - даректүү социалдык жардам дайындоо мезгилинде *(айына бир жолу* - *азык-түлүк топтому, кварталына бир жолу* - *турмуш-тиричилик химиясынын комплекси)*; б) алты жаштан сегиз жашка чейинки балдар үчүн - тиешелүү окуу жылынын ичинде: мектеп формасынын же спорттук кийимдердин топтому жана жазуу материалдарынын топтому; - окуу жылынын ичинде бир жолку ысык тамак;
27) саламаттык сактоо уюмдарын медициналык персоналдын мобилдик топтору менен камсыз кылуу;
28) КОВИД вирустук инфекциянын жайылышын алдын алуу максатында медициналык университеттердин резидент врачтарын тартуу менен айылдык баштапкы саламаттыкты сактоо уюмдарында маалымат борборлорун түзүү;
29) айыл калкына медициналык жардам көрсөтүүнүн натыйжалуу моделин түзүү, медициналык жардамга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу, кадрлар менен камсыз кылуу, айыл жеринде объекттерди куруу жана айыл аймагындагы саламаттыкты сактоо системасын санариптештирүү боюнча мүмкүн болгон бирдиктүү жол картасын түзүү маселесин карап чыгуу;
30) айыл аймактарда онлайн кызматын пайдалануу үчүн виртуалдык электрондук почта карталарын колдоонууга баштоо.